КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябрь **№45** Барскоон айылы

Барскоон жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 25-июлундагы №60 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КРнын мыйзамынын 34-беренесине жана "Билим берүү жөнүндө" КРнын мыйзамынын 28-беренесинин 6-пунктуна ылайык, рынокто баалардын өсүшүнө байланыштуу Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрдан баштап, Барскоон айыл аймагындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мекемесиндеги тарбиялануучу балдардан ар бир айда ата-энелердин эсебинен төлөнүүчү төлөм 1800 (бир миң сегиз жүз) сом өлчөмүндө бекитилип, Барскоон жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 25-июлундагы №60 токтомунун 2-пунтуна өзгөртүүлөр киргизилсин.
2. Бөлүнгөн финансалык каражатты максаттуу пайдалануу жагы жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин алып баруу МЧББУнын жетекчилерине тапшырылсын.
3. Кабыл алынган чечимге ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, чечүү жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, каржы-экономикалык жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына (А.Букаров) тапшырылсын.

Төрага **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 2 нуска